УДК: 378

Мусаев К., Мааткеримов Н.О.
*К.Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университети*

# БИЗДИН УНИВЕРСИТЕТТИН ТАРЫХЫНДА ФИЗИКА КАФЕДРАСЫНЫН ОРДУ

Учурдагы университеттин физика-техникалык факультетин Ысык-Көл облусу түзүлгөндөн бир жылдан кийин мугалимдер институту ачылгандан бери 75-жылдык мезгилдин ичинде физика, астрономия, математика жана инженер-техникалык адистиктери боюнча кадрларды даярдоонун негизги уюткусу катары кароого болот. 1940-ж. Пржевальскидеги эки жылдык окуу мөөнөтү менен уюштурулган мугалимдер институтунда физика жана математика кафедрасы иштей баштаган.

1953-ж. Пржевальскидеги мамлекеттик педагогикалык институт болуп уюшулганда физика кафедрасы өзүнчө бөлүнгөн, ушул жылдары анын башчылыгында илимдин кандитаттары, доценттер Н. Филатов, С. Данов, М. Нуракунов, Т. Көчөрбаев, О. Кожогулов, Т. Жүзүмкулов, М. Казакбаев, А. Майрыков, И.С. Панпанза, К. Шаршеев, К. Мусаев, К.А. Калдыбаев, Н.О. Мааткеримов, Р.Р. Чыныбаев, Р.Х. Юсупов, А.Ж. Тынаев, М.К. Боромбаевдер иштеген.

1963-ж. жалпы физика кафедрасынан физиканы окутуу методикасы жана окутуунун техникалык каражаттары кафедрасы бөлүнүп аны М. Нуракунов жетектеген. Ал 1967-ж. Баку шаарында «Орто мектептерде кыргыз тилиндеги физика окуу китептеринин сапаты жана физика боюнча терминологияны иреттөө жөнүндө» дегн темадагы кандидаттык диссертациясын коргоп, Кыргызстанда физиканы окутуунун усулдугу боюнча биринчи илимдин кандидаты болгон. М. Нуракунов институттун окуу менен илимий иштери боюнча проректорлук кызматына өткөндүгүнө байланыштуу 1975-ж. М.Г. Шарафутдинов кафедранын башчылыгына дайындалган.

1978-ж. Москвадагы СССРдин Педагогикалык илимдер академиясындагы Окутуунун мазмуну жана методдору илимий-изилдөө Институтунун аспирантурасын ийгиликтүү аяктап, «Орто мектептерде окуу процессин нормалаштыруунун негизинде молекулалык физиканы окутууну өркүндөтүү» деген темадагы физиканы окутуунун методикасы боюнча республикада төртүнчү педагогикалык илимдин кандидаты болуп келгенден бир жылдан кийин п.и.к. Н. О. Мааткеримов кафедранын башчысы болуп иштеген.

1989-ж. Пржевальскидеги мамлекеттик педагогикалык институт Кыргыз мамлекеттик университетинин филиалы болуп калганына байланыштуу өзгөртүүлөргө карата физиканы окутуунун методикасы кафедрасын т.и.к., доцент М. Казакбаев 1993-жылга чейин жетектеген. 1994-ж. физика жана математика факультеттери кошулганына байланыштуу физика менен математиканы окутуу усулу кафедранын башчысы болуп кайра п.и.к., доцент Н. О. Мааткеримов конкурстан шайланган.

Математика менен информатика өзүнчө факультет болуп 1999-2001-ж.ж. физиканы окутуунун методикасы кафедрасы андан бөлүнгөндөн кийин башчысы катары п.и.к., доцент Р.Р. Чыныбаев иштеген.

2002-2004-ж.ж. университеттин структуралык өзгөрүүлөрүнө байланыштуу

кафедралар бириктирилгендиктен эксперименттик, теориялык физика жана атайын дисциплиналарды окутуунун технологиясы кафедранын башчысынын милдетин ф-м.и.к., доцент Р.Х. Юсупов аткарган.

Кезектеги түзүмдүк өзгөрүүлөр менен 2005-2007-ж.ж. физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчылыгына ф.-м.и.к., доцент М.К. Боромбаев дайындалган.

Биздин университеттин 75-жылдык тарыхында физика-техникалык факультетте жарым кылымдан ашык убакытта төрт кафедра иштеген: «Жалпы физика» (башчылары: физ.-мат. ил. кандидаттары, доценттер Т. Көчөрбаев, Т. Жүзүмкулов, К. Шаршеев, К. Мусаев, М.К. Боромбаев); «Эксперименттик жана теориялык физика» (башчылары: физ.-мат. ил. кандидаттары, доценттер И.С. Панпанза, А. Майрыков, ф.-м.и.д., проф. В.С. Энгельшт, А.Ж.Тынаев, Р.Х. Юсупов); «Физиканы окутуу методикасы» (башчылары: ага окутуучу М.Г. Шарафутдинов, п.и.к., доц. М.Н. Нуракунов, п.и.д., проф. Н.О. Мааткеримов); «Жалпы техникалык дисциплиналар» (башчылары: ага окутуучу Л.А. Генин, ф.-м.и.к. доц. К.А. Калдыбаев, т.и.к., доц. М. Казакбаев).

Ал эми 2008-жылдан бери ушул күндөргө чейин физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы болуп мурдагы төрт бириктирилген кафедраны Педагогикалык билим берүүнүн эл аралык академиясынын (МАНПО, Москва ш.) корр.-мүчөсү, пед. ил. доктору, ЫМУнун ардактуу профессору Н.О. Мааткеримов жетектеп келген. Ал 2010-ж. Кыргыз билим берүү академиясы менен Ж. Баласагын ат. Кыргыз улуттук университетинин алдындагы диссертациялык кеңеште «Орто жана жогорку мектепте физика боюнча окуу процессти нормалаштыруунун дидактикалык негиздери» аттуу темада эки 13.00.01., 13.00.02 адистиктери боюнча докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактаган (илимий консультанты – КР УИАнын корр.- мүчөсү, п.и.д., профессор Э. Мамбетакунов).

Кийинки мезгилде коомдун заманбап талаптарына ылайык кафедранын профессордук-окутуучулар жамааты илимий изилдөө иштерин мамлекеттик каржылоодо (Госбюджет) төмөнкү багыттар боюнча үзүрлүү жүргүзүп келе жатышат.

1. Плазмалык технологияларды иштеп чыгуу - жетекчиси ф.-м.и.д., профессор, ардактуу академик В.С. Энгельшт болгон (аткаруучулар: ф.м.и.к., доц. М. К. Боромбаев, ф.-м.и.к., доц. А.Ж. Тынаев, ф.-м.и.к. Ю. Смирнова, ага окутуучулар У. Сатыбалдиев, К. Шаршембиев).

2. Ысык-Көл чөлкөмүндө сейсмикалык кубулуштарды прогноздоонун электрмагниттик методдорун иштеп чыгуу жолдорун изилдөө – жетекчиси ф.-м.и.к., доцент, ЫМУнун ардактуу профессору Т. Көчөрбаев болгон (аткаруучулар: ага окутуучу Ө. Молдокматов, ф.-м.и.д., доцент А.М. Токтосопиев, ага окутуучу Д. Бегалиев, ага окутуучу К. Жумабаев), ал эми 2014-жылдан бери «Чыгыш Ысык-Көл региондун термалдык сууларынын электр өткөргүчтүүлүгүн жана анын аймактагы жер титирөөлөр менен байланышын аныктоо» темасында иштешип келе жатышат (аткаруучулар: т.и.к., доцент О. Урсеитов п.и.к., доцент Р. Чыныбаев).

3. Иондук кристаллдардын физикалык касиеттерин изилдөө - жетекчиси КР УИАнын корр.-мүчөсү, ф.-м.и.д., профессор, КРнын билим берүүсүнө

эмгек сиңирген кызматкери, КР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты М.М. Кидибаев ( аткаруучулар: ф.-м.и.д., профессор Шаршеев, ф.-м.и.к., КР Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты К. Мусаев, ф.-м.и.к., доцент Б. Жолдошов, ф.-м.и.к., доцент О.И. Клименко, ф.-м.и.к. У. Мамытбеков, ага окутуучу Ч. Ордобаева ж.б.).

4. Орто жана жогорку окуу жайларында физика-техникалык дисциплиналардын мазмунун жана окутуу технологияларын модернизациялоо – жетекчиси п.и.д., профессор, МАНПОнун корр.-мүчөсү Н.О. Мааткеримов (аткаруучулар: п.и.д., проф. М.К. Асаналиев, п.и.к., доцент Р.Р. Чыныбаев ага окутуучулар А. Асанбеков, Б. Аденова, А. Арунова, М. Андосова, А. Шабданбаева Хажы Думан ж.б.).

Республиканын билим берүү жана илим министирлигинин ЖОЖдорду аттестациялоо менен лицензиялоо бөлүмүнүн талабы боюнча «университет» деген статуска жооп берүү үчүн профессордук-окутуучулар жамаатынын илимий даражалуулугунун пайызы боюнча университеттин сегиз факультетинин арасында жалгыз физика-техникалык факультет гана 40% дан ашык көрсөткүчү менен татыктуу болсо, анын ичинде физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын мугалимдеринин даражалуулугу 75% ды түзүп биринчи орунду ээлеп келе жатат.

Факультеттин бүтүрүүчүлөрүнүн арасында академик Ж. Жээнбаев Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын көп жылдары президенти болуп иштеген, корреспондент-мүчөлөрү ф.-м.и.д., проф. И. Бийбосунов (мугалимдер институтун бүтүрүшкөн), ф.-м.и.д., проф. Т. Орозобаков (СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты), ф.-м.и.д., проф. КРнын Мамл. сыйлыгынын лауреаты М.М.Кидибаев; КРнын атайын ыйгарымдуу элчиси политология ил. докт., профессор Ж. Сааданбеков, КРнын Жогорку Кеңешинин үч жолку депутаты МАНПОнун академиги, п.и.д., проф. Ж. Каниметов, филос. ил. докт., проф. М. Жумагулов, филос. ил. докт., проф. М. Амердинова, физ.-мат. ил. докт, доцент А.М. Токтосопиев, физ.-мат. ил. докт. Арутюнян В.П. пед. ил. докт., проф Н.О. Мааткеримов; республикада биринчи жана акыркы СССРдин Эл мугалими Ж. Үтүров, КРнын эмгек сиңирген мугалимдери Х.Ш. Ахметова, Б. Стамов, Ш. Шүкүрбаева, А.Рыскулов, Ж. Каниметов, А. Э. Байсеркеев . Биздин факультетти бүтүрүүчүлөрүнүн арасында ар кайсы жылдары диссертацияларын жактаган 30дан ашуун илимдин кандидаттары бар.

60-чы жылдары: Б. Касымалиев, Т. Көчөрбаев, Р. Жапаров, Ж. Асанбаева, А. Рыскулов.

70-чи жылдары: Н.О. Мааткеримов, Э. Дүйшөнов, Н. Мищенко, М. Жумагулов, Э. Шүкүров.

80-чи жылдары: К. Карабукаев, З.М.Казакбаева, А.Ж. Тынаев, М.К. Боромбаев, М. Амердинова.

90-чу жылдары: К. Мусаев, Р.Р. Чыныбаев, Е.П. Князев, О. Арботоев, К. Мукалаев.

2000-чи жылдары: А.А. Жамангулов, И.О. Клименко, М. Сатыбалдиева, Ю.Н. Смирнова, Орозобек у. Аскар, Э. Садыкова, Г. Чекирова, О. Лозовских , В. Бугубаева, А. Термечикова, Б. Сексенбаев, техн. ил. кандидаттары Д.К.

Аканов, Ж.Ш. Токтакунов, А.Б. Такырбашев.

2010-чу жылдары: А. Байсеркеев, У. Мамытбеков, А. Бекташов, Б.Т. Аденова.

Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын профессордук-окутуучулар жамааты эл аралык, республикалык жана ЖОЖдор аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалары менен катышып келе жатышат. Бул жылдары мындай конференциялар КМШ, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө, Кыргызстандын бардык областарында өткөрүлгөн. Кафедранын окумуштуулары тарабынан ондогон окуу китептер, окуу куралдар, усулдук колдонмолор, жүздөгөн илимий жана методикалык макалалар жарыкка чыгарылган, ал эми алдыңкы окумуштуулары Кыргызпатенттин автордук күбөлүктөрүнө, республиканын жана чет өлкөлүк патенттерге ээ болушкан (В.С. Энгельшт, М. Кидибаев, К. Шаршеев, К. Зиялиев, Н.О. Мааткеримов, А. Жамангулов, Д. Аканов, А. Такырбашев, О. Клименко ж.б.).

2014-ж бул кафедра «Электркамсыздоо жана электроника» кафедрасы менен бириктирилип «Физика жана электркамсыздоо» аталышына ээ болуп, п.и.к., доцент Р.Р. Чыныбаев анын башчысынын милдетин аткарып келе жатат. Ал «Орто мектептин окуу процессинде физикалык түшүнүктөрдү өнүктүрүүнүн уланууучулук принциби» аттуу темада изилдөөсүн аяктап, докторлук диссертациянын үстүндө иштөөдө.

Орто мектепте жана жогорку окуу жайларда билим берүүнү реформалоонун максаттарына жетүүгө физика курсу боюнча окутуунун мазмунун жана технологияларын модернизациялоо үчүн мурдагы тажрыйбаларды жана инновациялык ыкмаларды колдонуу менен эл аралык стандарттагы атаандаштыкка жөндөмдүү кадрларды даярдоо иштери заманбап талаптарга жооп бергендей кафедранын окутуучулары турмушка ашырып келе жатат.